КАРАЛДЫ
педагогикалык кенештин
№_1_ протоколунда
«___25__»_август___2021-ж

БЕКИТЕМ
№7 жалпы орто билим берүү
мектебинин директору
______ Бердалиев Ч.Б.
25.08.2021-ж

## №7 жалпы билим берүү мектебиндеги азыктарды бракераждоо жөнүндө жобо .

1. №7 жалпы билим берүү мектебинин тамак-аш блокторунда даярдалчу бардык тамактар азыктар даяр болгонуна жараша милдеттүү түрдө бракераждалышы керек.
   Азыктардын бракеражы улам даяр болгон партиянын таратылуусу башталганга чейин жүргүзүлөт.
2. Даяр тамактардын жана азыктардын бракеражын үч кишиден кем эмес : медицина кызматкеринен, коомдук азыктануу уюмунун кызматкеринен жана мектептин администрациясынын өкүлүнөн турган комиссия жүргузөт.
3. Өнүмдүн сапатын баалоо бракераждоо журналына ( тиркелген форма боюнча ) ал берилип баштаганга чейин жазылат. Азыкты даярдоо технологиясы бузулган учурда комиссия азыктарды берүүдөн алып салууга, жеткиликтүү иштеп чыгууга же кайра иштетүүгө , ал эми керек учурда -изилдөөгө жөнөтүүго милдеттүү.
4. Даяр тамактардын жана азыктардын сапатын баалоо органилептикалык көрсөткүчтөр: даамы, жыты, сырткы кебетеси, өңү –түсү , курмамы боюнча жүргүзулөт. Бул көрсоткүчтөрго жараша азыктарга “мыкты”, “ жакшы ”, “канааттандырарлык эмес” ( брак) деген баалар берилет.
   “Мыкты ” деген баа бекитилген рецептурага жана талаптарга каралган башка көрсөткүчтөргө даамы, өңү –түсу жана жыты, сырткы кебетеси жана курамы боюнча ылайык келген даяр тамактарга жана азыктарга берилет.
   “Жакшы” деген баа анча маанилүү эмес бир кемчилиги бар ( тузу кем, өңүнө чыгарылган эмес ж.б. ) даяр тамактарга жана азыктарга берилет.

“Канааттандырарлык” деген баа бышыруу талаптарынан четтеп к еткен, бирок кайра иштетүүсуз сатууга жарамдуу тамактарга жана азыктарга берилет.

“Канааттандырарлык эмес” ( брак ) деген баа төмөнкү кемчиликтери бар азыктарга берилет: азыктарга таандык эмес , тиэшеси жок даам жана жыт, өтө туздалган , өтө кычкыл , ачуу жеткиликтүү бышырылган эмес , жеткиликтүү курулган эмес , күйүп кеткен калыбын жоготуп койгон, тиэшеси жок курамдагы же тамактар менен азыктарды бузуп койгон башка сын-сыпаттар.

Тамактардын жана даяр азыктардын сапатынын баалары бекитилген формадагы журналга жазылат.

5. Тамактардын жана даяр азыктардын сапатынын баалары бекитилген формадагы журналга жазылат, комиссиянын баардык мүчөлөрунун колдору менен таризделет.

   Тамактарды жана даяр азыктарды канааттандырарлык эмес даярдоодо күноолүү адамдар материалдык жана жоопкерчиликке тартылат.

6. Дааналап сатылма даяр азыктардын жана жарым-жартылай даяр тамактардын салмагынын тууралыгын аныктоо үчүн ар бир түрдүн 5-10 порциясы бир учурда таразага тартылат, ал эми ботколордун , гарнирлердин жана башка дааналап сатылбоочу тамактар менен азыктардын –керектөөчүго берилип жатканда алынган порцияларды таразага тартуу жолу менен аныкташат.